**Бишкек шаарындагы № 7 жалпы орто билим берүү мектебинин соц.педагогунун 2021 -2022 -окуу жылындагы жарым жылдык отчет-анализи**

2021-2022-окуу жылына карата план түзүлүп,пландын негизинде иш алып барылды.
17 -сентябрда класс жетекчилерге мектептин социалдык паспортун түзүү боюнча семинар өтүлдү.Семинарда баардык класс жетекчилер катышышты.Ар бир категорияга жазылган балдардын тастыктаган маалым каты болуу керектиги түшүндүрүлдү.1-класстын класс жетекчилери ар бир баланын турмуш-шартын изилдеп,эгер соц.категорияга каттай турган балдар болсо учетко алуу керектиги айтылды.Класс жетекчилердин билдирүүсүнүн негизинде соц.паспорт түзүлдү.

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Томолой жетим | 2 |
| 2. | Жарым жетим | 34 |
| 3. | Көп балалуу үй-бүлөө | 70 |
| 4. | Турмуш шарты өтө оор үй-бүлөө | 19 |
| 5. | Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 5 |
| 6. | үйдөн окуган окуучулар | - |
| 7. | Ата-энеси Чернобыль окуяларына катышкан окуучулар | - |
| 8. | Ат- энеси Афган согушуна катышкан окуучулар | - |
| 9. | Ата-энеси Баткен согушуна катышкан окуучулар | - |
| 10. | Качкындар | - |
| 12 | Толук эмес үй-бүлөө | 21 |
| 13 | Ата-энеси мигрант окуучулар | 6 |
| 14 | Ден соолугуна байланыштуу окубаган балдар | - |
| 15 | Кароосуз калган балдар | - |
| 15. | Бардык окуучулар | 810 |

Мектепте окуган окуучулардын көпчүлүгу ата-энеси менен жашашат. Ата-энелердин көпчүлүгү Ош ,Баткен,Дыйкан базарларында соода кылышат жана жергиликтуү үйлөрү жок ,батирлерде жашашат. Окуучулардын көпчүлүгу

убактылуу батирлерде ата –энелери менен жашкандыктан,мектепте келип кеткен окуучулардын саны көп.

21-сентябрда балдар үчүн ишеним телефону жөнүндө 5-11-класстар үчүн семинар өтүлдү .Семинарда ар-кандай зордук-зомбулукка кабылган учур болсо,кркпостон 111 ишеним телефонуна күнү-түнү кайрылуу боюнча окуучулар маалымат алышты.

Ата-энеси мигрант окуучулардын көпчүлүгү чоң ата,чоң эне же тайата,тайэнеси менен жашашат.

13-14-октябрда ата-энеси мигрант болгон окуучулардын жашоо шарты менен таанышуу максатында ИДН кызматкери Садыков Мирлан, соц.кызматкери Жолдошбек кызы Мээрим , уюштуруучу жана соц.педагог менен бирдикте рейд жугүзүлдү.Мектеп боюнча ата-энеси мигрант окуучулар 6 окуучу. Төрт окуучуга багып калуучулар тарабынан нотариус аркылуу бекитилген милдеттенмелер алынган.Калган багып калуучулар тил кат гана жазып беришти.Бардык окуучуларга жашоо шарты менен таанышуу актысы түзүлдү.

25-ноябрда наркотикалык заттардын,спирт ичимдиктеринин,тамеки чегүүнүн жана СПИДди алдын алуу максатында “Адам чылымды түгөтө албайт.Адамды чылым түгөтөт”деген темада 5-11- класстарга видеороликтер көрсөтүлүп,окуучуларга бул нерселердин зыяндуулугу жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.















14-январда ИДНдин кызматкери Садыков Мирлан  5-6-7-класстарга жолдо жүрүү эрежелери боюнча ,ал эми 8-9-10-11-класстарга тамеки жана насвайдын зыяндуулугу жөнүндө маалымат берип, доклад  окуду.







Сабака   көп келбеген, турмуш шарты оор окуучулардын  үйлөрүн кыдырып акт түзүлүп турат.

Турмуш шарты оор  жана көп балалуу окуучулардын үйлөрүнө  "Үй бүлөө жана балдарды коргоо " мекемесинин жетектөөчү адиси Жолдошбек кызы Мээрим жана мектептин ИДНни Садыков Мирлан менен бирдикте барып, өкмөт тарабынан берилген жардамдар өз убагында берилип турат.Жакында эле жазгы каникул учурунда турмуш шарты оор окуучулардын үйлөрүнө барып, дагы маалымат алып, ата –энесинин көйгөйлөрүн угуп келдик.


Томолой жетим Акинина Александра жана Акинина Зарина ,жарым жетим Мелентьева Елизаветта,турмуш шарты оор окуучу Мартынова Алина, Артемов Александрдын үйлөрүнө барып,ата- энелери менен сүйлөшүп , дагы кандай жардам керек экенин суралып, акты түзүлдү.Көбүнчө тамак – аш,кийим кечеге муктаж экенин айтышты.Жолдошбек кызы Мээрим өкмөт тарабынан кандай жардам берилсе жеткирилип берилерин айтты.Мындай рейдттер бат –баттан уюшулуп турат.


Мектеп боюнча бир окуучунун 5Г классынын окуучусу Мелентьева Елизаветтанын күбөлүгү жок болчу(өрттөнүп кеткен).Февраль айында бардык документтерди чогултуп,тиешелүү органдарга кайрылып,ага күбөлүк алынды.
















Февраль айында “Тарбия үйдөн башталат”деген темада 5-11-класстардын ортосунда тегерек стол өткөрүлдү.Мында  окуучулар менен ата-эненин ортосундагы  мамилелер,кээ бир түшүнбөстүктөр кайдан келип чыгат деген суроолор чечилди. Окуучулар абдан активдүү катышышты.







